# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ

Ильязбек Абдувалиевич Якубовдун
өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 27-ноябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Л.Ч. Жолдошева, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева,

катчы К. Маамыталы кызынын катышуусунда Ильязбек Абдувалиевич Якубовдун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2023-жылдын 30-октябрында И.А. Якубовдун «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын (мындан ары – конституциялык Мыйзам) $60^1$-беренесинин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн «миң эселенген өлчөмүндө шайлоо күрөөсүн төгөт» деген ченемдик жобосун жана 61-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1-3-бөлүктөрүнө, 23-беренесинин 3-5-бөлүктөрүнө, 24-беренесинин 1-бөлүгүнө, 37-беренесинин 1-бөлүгүнө, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуудан жана ага тиркелген материалдардан белгилүү болгондой И.А. Якубов №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин

көрсөткөн, бирок Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы 2023-жылдын 15-августундагы № 178 чечими менен шайлоо күрөөсүн төлөбөгөндүгүнө байланыштуу, конституциялык Мыйзамдын 61-беренесинин 7-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык аны талапкер катары каттоодон баш тарткан.

Кайрылуу субъектиси Конституцияда белгиленген адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери эч кандай чектелүүгө жатпайт, эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы боюнча басмырланышы мүмкүн эместигин белгилейт.

Ошондой эле, арыз ээси Конституциянын 56-беренесинин 2-бөлүгүнө шилтеме жасап, ага ылайык Кыргыз Республикасында адамдын укуктарын жана эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек экендигин белгилеп, ал эми талашылып жаткан ченемдер шайлоо күрөөсүн төлөөгө мүмкүнчүлүгү жок адамдардын конституциялык укуктарын чектеп жатат деп эсептейт.

И.А. Якубов Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын 25-беренесинин b) пунктунда шайлоочулардын эркин ой билдирүүлөрүн камсыз кылган жана жашыруун добуш берүүдө жалпы жана теңдүү шайлоо укугунун негизинде жүргүзүлгөн чыныгы мезгилдик шайлоолордо шайланууга жана шайлоого ар бир атуулдун 2-беренеде айтылган эч кандай басмырлануусуз жана негизделбеген чектөөлөрсүз укугу жана мүмкүнчүлүктөрү бар экендигин белгилейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, кайрылуу субъектиси талашылып жаткан ченемдерди конституциялуу эмес деп таанууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде

текшерүү жүргүзгөн судья - баяндамачы Л.Ч. Жолдошеванын маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Судьялар коллегиясы кайрылууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө, кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө жол берилгендигинен жана кайрылуунун “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнөн келип чыгат.

Аталган конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык эгерде кайрылууда көрсөтүлгөн маселенин конституциялуугу мурда текшерилсе жана өзүнүн күчүн сактаган акт болсо судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Судьялар коллегиясы “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 61-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пункту конституциялык контролдоо органынын кароо предмети болуп, жыйынтыгында 2021-жылдын 3-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Чечими чыккандыгын белгилейт.

Аталган Чечимге ылайык шайлоо күрөөсү – мыйзам менен белгиленген ыктыярдуу акчалай төгүм, ал жарандар, партиялар (шайлануучу бирикмелер (блоктор) үчүн талапкер (талапкерлердин тизмеси) катары каттоо шарттарынын бири болуп саналат.

Шайлоо күрөөсү, бир жагынан, талапкердин статусуна ээ болуу жөнүндө чечимге келген жарандын умтулуусуна таасирин тийгизет, экинчи жагынан, шайлоочулардын жеткиликтүү колдоосуна ээ болбогон жана демократиялык шайлоолордун кадыр-баркына шек келтирип, жеке кызыкчылыктарында өзүнүн статусун пайдалануучу адамдардын шайлоолорго катышуусун алдын алуу боюнча функцияны аткарат. Ошентип, мыйзам чыгаруучу тарабынан шайлоо күрөөсү кеңири спектрдагы коргоочу аракети болгон аспап катары пайдаланылат жана укуктуу максатка кызмат

кылат.

Ошону менен бирге, мыйзам чыгаруучу тарабынан коомдук мүнөздү алып жүрүүчү күрөөнүн арналышынын жана ар бир жаранга эркин демократиялык шайлоолордо бийлик органдарына шайлануу мүмкүндүгүнүн берилиши жөнүндө конституциялык талаптын ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылуу жана экономикалык негиздеме жагынан шайлоо күрөөсүнүн колдонуудагы өлчөмүнө кайталап баа берилиши керек деген тыянакка келген.

Ал эми «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын $60^1$-беренесинин 3-бөлүгүнүн экинчи сүйлөмүнүн “Мында талапкер жеке каражаттарынан Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын эсебине мыйзамдарда көрсөтүлгөн эсептик көрсөткүчтүн миң эселенген өлчөмүндө шайлоо күрөөсүн төгөт” деген ченемдик жобосу 2023-жылдын 15-ноябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун кароо предмети болуп, жыйынтыгында талашылып жаткан ченем Конституцияга карама-каршы келбейт деп таанылган.

Кабыл алынган Чечимге ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө баяндалган укуктук көз караштын негизинде колдонуудагы укуктук жөнгө салууга тийиштүү өзгөртүүлөрдү демилгелөө сунушталган.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 5-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Ильязбек Абдувалиевич Якубовдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл

алуудан баш тартылсын.

2. Келтирилген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3. Аныктама үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Л.Ч. Жолдошева

Ч.А. Айдарбекова

М.Р. Бобукеева

№______